8. **Медицина:**

Айыл аймактагы 1-Үй-бүлөөлүк дарыгерле тобу,6-ФАП ,тез жардам бөлүмү өз иштерин алып барууда.
Медицина кызматкерлер күнүнө карата жергиликтүү бюджеттен 25,0 миң сом бөлүнүп берилди.

9. **Өндүрүш тармагы:**

Өндүрүш тармагы боюнча Карагай-Булак айылынын Чон-Бартак жайлоосунан "Сапат-Электро" ишканасы тарабынан 170 млн. сом суммадагы чакан ГЭС курууга долбоордун курулуш иштерин жүрүүдө,
Карагай-Булак айылына Ысык-Ата суусунда чакан ГЭС курууга конкурс өткөрүлүп , жыйынтыгында ОсОО "Жар-Башы" ишканасы женүүчү деп табылды.
Үч-Эмчек айылынын Кең-Төр суусуна ОсОО " Аманат-Энерго" ишканасы чакан ГЭС курууга 1,95 га жер тилкеси трансформацияланып, 2023-жылы курулуу пландалууда.

10. **Жарандардын кайрылуулары:**

Ысык-Ата айыл өкмөтү боюнча 2023-жылдын алты айдын ичинде жалпысынан 83 арыз түшкөн. Жогоруда көрсөтүлгөн арыздын баары аткарылган, арыз ээлерине жооптору берилген. 2023-жылдын алты айдын ичинде түшкөн арыздар төмөнкүлөр:
- Үйдү, жерди каттоо боюнча: 41 арыз, аткарылган жана арыз ээсине жооп берилген,чечимдери берилген.
- Жерди тактоо , ченеп берүү боюнча 17 кайрылгандар: арыздар аткарылды, жерине барып ченеп берилди.
- Материалдык жардам көрсөтүү боюнча: 17 арыз.
- Ар кандай маселедеги арыздар: 8 арыз.
- Мындан сырткары 253 оозеки кайрылуулар катталган, баардыгы канааттандырылган, оозеки кайрылган жарандар көбүнчө пенсияга чыгуу үчүн кандай документтер керектиги жана паспорт, ЗАГС боюнча документтер, туулгандыгы тууралуу күбөлүк жөнүндө сурап кайрылгандар, аларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, керектүү справкалар берилген, алардын маселелери канаттандырылган.

Ысык-Ата айыл өкмөтү "Санарип аймак" , "АСКИД" , "Е-кызмат", "ЕРН", "СЭД" программалары менен толук кандуу иш жүргүзүүдө.

11. **Кылмыштуулук**

Ысык-Ата айыл аймагында үч аймактык тескөөчү иш алып барат .2023-жылдын 6 айында ар кандай 34 жоруктар катталган.Бул боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлгөн.8 кылмыш иши катталып ,баардыгы ачылган.